DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, №4, 2023

*Миңбаева К.Б.*

# БАЛДАР АДАБИЯТЫНДАГЫ БЕЙМАРАЛ ЫРЛАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК МААНИСИ

*Минбаева К.Б.*

# ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ СПОКОЙНЫХ ПЕСЕН В ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

*K. Minbaeva*

# THE AESTHETIC MEANING OF CALM SONGS IN CHILDREN'S LITERATURE

*УДК: 372.882.(575.2)- (043.3)*

*Балдар адабияты кыргыз адабиятынын бир бөлүгү болуп, ал кенже курактагы балдардын жаш өзгөчөлүгүн, кабылдоосун, дүйнө таанымын өстүрүп, бала менен бала болуп, баёо дүйнөсүн ырга салган сөз чеберлери акын-жазуучулар экендиги талашсыз. Бала курчап турган чөйрөнү, көрүнүштү, ага таасир эткен адамдардын тобу тарбия берүүчү каражат, ресурс болору талашсыз. Макалада балдар адабияты, анын өзүнө таандык спецификалык өзгөчөлүгү тууралуу баяндалып, балдардын жаш курагынын бөлүнүшү, курактык өзгөчөлүккө негизделген ырлар, алардын табияты талдоого алынды. Балдардын бейкапар дүйнөсүн образдуу чагылдырган ырлардын бир түрү болгон беймарал ырлар, алардын түрлөрү, тематикасынын баланын табият, курчап турган чөйрө менен болгон байланышын ачып берүүдөгү мааниси, ролу тууралуу теребел, саякаттама, оюн ырларынан мисалдарды алуу менен анализденди.*

***Негизги сөздөр:*** *балдар адабияты, беймарал ырлар, теребел, саякаттама, оюн ырлары, жаш өзгөчөлүк, бала дүйнөсү, педагогика, психология.*

*Детская литература является частью кыргызской литературы, и нет сомнения, что поэты-писатели являются мастерами слова, развивающими юношеские особенности, восприятие и мировоззрение детей младшего возраста. Нет сомнения, что окружающая ребенка среда, внешний вид и группа людей, влияющих на него, будут воспитательным инструментом и ресурсом. В статье описана детская литература, ее специфика, возрастное деление детей, проанализированы стихи с учетом возрастных особенностей, их характер. На основе примеров из теребельских, путевых, игровых песен были проанализированы песни-спокойные песни, являющиеся разновидностью песен, изображающих беззаботный мир детей, их виды, темы, смысл и роль в раскрытии отношений ребенка с природой и окружающей средой.*

***Ключевые слова:*** *детская литература, спокойные песни, сказка, рассказ о путешествиях, песенки-игры, юная личность, детский мир, педагогика, психология.*

*Children's literature is part of Kyrgyz literature, and there is no doubt that poets-writers are masters of words, developing youthful characteristics, perceptions and worldviews of young children. There is no doubt that the child's environment, appearance and group of people influencing him will be an educational tool and resource. The article describes children's literature, its specifics, the age division of children, analyzes poems taking into account age characteristics, and their character. Based on examples from Terebel, travel, and game songs, calm songs were analyzed, which are a type of songs depicting the carefree world of children, their types, themes, meaning and role in revealing the child's relationship with nature and the environment.*

***Key words:*** *children's literature, naughty songs, fairy tale, travel story, song-games, young personality, children's world, pedagogy, psychology.*

Балдар адабияты – жалпы көркөм адабияттын алгылыктуу бир бөлүгү катары аны менен методологиялык негизи бир. Жаралуу, жетилүү, өркүндөө таржымалы боюнча да тагдырлаш деп айта алабыз. Учурдун талабына ылайык турмуш агымы менен эриш аркак болуп, коомдук мамилелерди, табигый кубулуштарды көркөм изденүүлөрү жана чыгармачыл багыттары жагынан окшоштугуна сарасеп салсак болот. Балдар адабиятынын өзүнө гана мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар. Алар баарыдан мурда окурмандардын жаш өзгөчөлүгүнөн, билим, тарбия берүү талабынан келип чыгат. Демек, балдар адабияты жаш муундарга үзүрлүү тарбия берүү максаты боюнча педагогика жана психологияга предметтери менен тыгыз байланышта болот. Балдар жаш курагына карай бөбөктөр (мектеп жашына чейинкилер), жеткинчектер (мектеп жашындагы кенже балдар ), тестиерлер жана өспүрүмдөр (жогорку класстын окуучулары) болуп айырмалангандыктан, көркөм чыгармалар да алардын ар биринин эстетикалык татымына ылайык жаралат. Балдар адабияты педагогика менен көркөм чыгармачылыктын ширеөсүнөн бүткөндүктөн анын авторлору балдардын жан дүйнөсүн тереӊ сезе билген, сезимтал, сергек, кыялкеч жазуучу болуусу керек. Тубаса таланттан турган жазуучуну В.Г. Белинский “баланын майрамы” деп атаган [5].

Алтын балалыктын ар кандай учурлары беймарал ырларда жаркын чагылдырылат. Балдардын дүйнөкапар кези оозеки чыгармачылыкта бийик идеал катары каралат. Ошондуктан, балдардын бейкут турмушун көрсөтүү, көңүлүн көтөрүү – беймарал ырлардын көздөгөн максаты. Бирок муну куру кыял менен эмес турмуш-тиричиликтин өзүндө жана балдарды курчаган объективдүү көрүнүштөрдө элестетет.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы мындай ыр түшүнүгү фольклорист Г.Орозованын эмгектеринде тестиер балдардын ыры же болбосо, балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар деген аталыш менен белгиленип келсе, ал эми М.Түлөгабылов дүйнө таанresponse ырлары же беймарал

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ырлар деп атап келишет.

Беймарал ырлардын бир канча түрлөрү бар. Теребел жөнүндөгү ырлар. Мында балдардын киндик каны тамган, чоңоюп өскөн жеринин табигый кооздугу, аймактык жүзү, жаратылыш дүйнөсү баяндалат. Балдардын өздөрү жарата турган чыгармалардын бири да ушул теребел жөнүндөгү ырлар. Алардын тематикасы мазмуну, баланы курчаган айлана-чөйрөгө байланыштуу.

Кармап алдык талаадан,
Калдаркан чаар көпөлөк.
Карагайдын ичинен
Кыргый куудук бөпөлөп.

Туулуп-өскөн жердин боорунда беймарал өткөргөн турмушун элестеткен теребел жөнүндөгү ырлар балдарга эстетикалык тарбия берет. Теребел жөнүндөгү ырда бала туулган, жашаган жеринин асыл, кымбат жактарын туюнуп, топурагын мисир тутуп, өзү курчап турган дүйнөгө суктануусу арта баштайт. Лирикалык каарман болгон бала айлана-чөйрөгө карата өз мамилесин билгизет.

Балдар жыргап ойношот,
Ала-Тоодо жаканы.
Балдар жыргап жатканда,
Ата-энебиз чыгарат
Көңүлдөгү капаны.

Мурдагы өткөн замандарда жашоо турмуш акыркы ыр саптан баамдалып тургандай, кыйын болгондуктан ата-энелер капалуу, муңдуу эле чындыгында. Ошентсе да балдардын турмуштан көңүлү калбай куунак, сергек өсүүсүнө кандайдыр шарт түзүү зарыл эле. Балдардын бейкапар, бейкут учуру көбүнчө теребел жөнүндөгү ырларда чагылдырылганы да ушундан [2].

Теребел жөнүндөгү ырлардын дагы бир көркөм баалуулугу балдарга Мекенди ыйык, ысык көрсөтүп, атуулдук сезимин бийиктетип турат. Ошондуктан теребел жөнүндөгү поэтикалык чыгармадан балдарга эзели эсинен чыкпастай болуп туулуп өскөн мекенинин ыйык элестери калат. Ар кимдин киндик каны тамган жери мисир болушуна теребел ырлардын тийгизген тарбиялык мааниси абдан чоң экендигин айгинелейт.

Саякаттама ырларда теребелдин кучагында балалык доорун өткөрүп жатышкан балдардын дүйнө таанып билүүсүндөгү кенен мейкиндик чагылат. Мына ушуга байланыштуу беймарал ырлардын мазмуну, образ системасы жаңыланып келгендиктен, лирикалык каармандар (бала) эми өз алдынча акыл калчап, кыял эргитип, ой чабыты менен айлана-чөйрөгө саякат жасайт жана өзүн ошол чөйрөнүн ээси катары сезип, жигердүүлүгү, демилгелүүлүгү, көптү билип алууга ынтызарлыгы менен бөтөнчөлөнөт. Ошондуктан саякаттама ырларда балага такыр белгисиз аалам мейкиндигине да сапар жүргүзүлөт.

- Үркөр-үркөр топ жылдыз,
- Үркүп кайда барасың
- Жоо-желимге барамын.
- Жоо-желимде эмнең бар
- Аштык айдар уулум бар.
  Жибек созоор кызым бар.

Бул ыр кайдадыр аалам мейкининдеги турмуш-тиричилик жөнүндө ой чабыттатып келгени менен кызыктуу. Мындагы образдар (Үркөр жана анын балдары шарттуу экендигине карабастан) балдары арнамысына келтирип эмгектенүүгө милдеттендирет. Буга Үркөрдүн уул, кызы айрыкча үлгү. Балдарды бекерликке берилтпей, алдыртан кыйытып турмуш түйшүгүнө алып кирген бул ырда жумшак күлкү байкалат. Маселен,Үркөр соңку жообун дагы мынтип улайт

Аштыгынан бербесе,
Ала-ала качамын.
Жибегинен бербесе,
Жула-жула качамын [4].

Бул ырдын диалог формасы да кыргыз поэзиясында сейрек кездеше турган ыр түзүлүшүнүн татынакай үлгүсүн көрсөтөт.

Саякаттама ырлардын тематикалык мазмуну ар кыл. Анда чагылган идея балдардын өзү катышып жаткан иш-аракеттер аркылуу көрсөтүлөт. Балдардын андай демилгелери текке кетпей, натыйжасын бергендиги да бөтөнчө кызыктуу. Бул ырларды чубама ырлар деп да айтылып келүүдө. Анткени ырдын сюжети чубама формада болуп, шыдыр айтылгандыгы да ырдын дагы бир аталышынын келип чыгышына негиз болгон сыяктуу.

Жүгүрүп, жүгүрүп жүн таптым,
Жүн астынан тарак таптым.
Тарагымды таттыга бердим,
Таттым боз козусун берди.
Козуну конокко сойдум,
Конок камчысын берди,
Камчы менен каз урдум,
Каз канатын берди.
Каз канатын көлгө салдым,
Көл көбүгүн берди.
Ак уюма бердим,
Аяк-аяк сүтүн берди.
Көк уюма бердим,
Көнөк-көнөк сүтүн берди.

Бул ырлардын сюжети турмуш чындыгынан алыс болуп, көбүрөөк кыялдан жаралгандай таасир калтырат. Баштан аяк өтө кыймылдуу аракеттерде жана үстү-үстүнө орун жаңырган окуяларда көрүн-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



гөн мээнеткеч, түйшүктүү баланын таң каларлык издеңүүсү, жигердүү ишкердиги кимге болсун үлгү. Чыгарма кимди болсо да талыкпаган эмгекке чакырат.

Ырдагы окуя, көрүнүштөр ар бир сапта тездик менен өнүгүп, эмоционалдуулукту, уккулуктуу, ыргактуулуктун болушун шарттайт. Ырдын поэтикалык курулуш да балдардын эстетикалык кабылдоосуна жетимдүү. Ал жалаң жандуу кыймылдан түзүлгөн ыргактары менен окуялардын өнүгүшүн ушунчалык тездетип, бүтөр-бүткөнчө чыйралуусунан эч жандырбайт. Ошондуктан бул ырдын бир сабы да айтылбай калбай, толугу менен көкүрөктө жатка калат.

Тактап айтканда, ырдын лирикалык каармандары-балдар турмуш кыйырын өз билишинче териштирип олтуруп адамды жана анын эмгегин толук тааныйт. Маселен, балдардын "Эмне үчүн" деген кызыгууларын эске алып, жалаң суроо-жооптон курулган "Ким айтат" деген саякаттама ырдын лирикалык каармандары айлана-чөйрөдө болгондун баарысын калтырбай сандан өткөрүүдө.

Каа-ак, каа-ак каргалар,
Камыш түбү жорголор.
-Жорголор деп ким айтат
Жортуп жүргөн киши айтат.
-Киши айтат деп, ким айтат
Кишенделүү тай айтат.
-Тай айтат деп, ким айтат
Таякеси кулпу айтат.
Кулпу айтат деп, ким айтат
Кудуктагы бака айтат.
Бака айтат деп, ким айтат
Бешиктеги бала айтат [2].

Биз жогоруда белгилеп өткөндөй, чубама ырлар суроо-жооп формасында болуп, ар бир саптагы сөздүн башкы ыр сабында кайра айтылышы, ырды жаттоо, айтып берүүгө карата жеңилдик жаратат. Демек объективдүү дүйнөнүн ээси барып-келип эле адам экени балдарга көркөм туюнтулду. Ырдын курулушу, көркөмдүгү да көңүлдү бөлөт. Ансыз дагы сейрек кездешер башталышында да, ичинде да бузулбаган тартипте сакталышы, бири экинчисине шыкак болгон поэтикалык кайталоолордон улам окуялардын жаңылана бериши ырдын көркөмдүк сапатын жогорку бийиктикке жеткирип салган. Ушунун өзү анын ооздон түшпөй жатка айтылып кетүүсүнө толук негиз болгон эле. Ал эми ар бир жооптун аягындагы дайыма басым коюлуп, маани берилген жаңы кабар (сөз) суроодо экинчи ирет кайталанып, ыр саптардын башына түшүп турушу жана кийинки ыр саптагы жаңы жоопто аллитерация катуу сактала бериши - чанда кездеше турган ырдын түрү.

Аталган ырлар тестиер балдардын тышкы дүйнө менен болгон байланышын чыңдап, кеңейтип, ойдон жаралган нерсе менен чындыктын ортосундагы айырманы билүүгө, ажырата алууга үндөйт. Ошол эле учурда ойдон чыгаруу, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, эстетикалык табит калыптанат.

**Оюн ырлары.** Балдардын беймарал кези жаны жай албаган кыймыл, так секирген оюн менен өтөт. Балдардын мындай учурунан улам отуздан ашуун түрлөрү жаралган. Алардын баары толук болбосо да, "Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн" деген китепте жыйырмадан ашууну (айрым толуктоого, тактоого, кошумчалоого муктаж экендигине карабастан) бир топ түзүк түшүндүрүлүп берилген. Бул оюндар өтө кызыктуу болгондугунан улам айрымдарына жаштар, ал тургай чоң кишилер да катышат. Маселен, "Хан-вазир", "Ортон тапмай", ("Кол жашырмай") "Кочкор сүзүштүрмөй", "Катар турмай" ("Үчүнчү телки"), "Кур таштамай", "Шабиет" ж.б. [1].

Балдардын оюн-зоок ырлары менен накыл сөздөрүнүн цикли өзгөчө белгиленет. XX кылымга чейин эле фольклорду жыйноочулар жана изилдөөчүлөр балдар оюнун өзүнүн көрүнүшү (тигил же бул көрүнүшү), өзүнүн катуу аныкталган тартиби, жандуу аракети жана кайталангыс сахналык ролдору бар примитивдүү драма катары эсептешкен. Ойноп жаткан бала кемпирдин, каракчынын, карышкырдын, түлкүнүн, аюунун, коёндун сапаттары менен жабдылган адамдын жүзүнүн психологиялык түрүн берүүгө тийиш. Балдар оюндары чоңдордун оюндарынын кайра иштетилиши болгон, ошондуктан адамдардын күнүмдүк жана эмгек ишмердүүлүгүн каймана түрдө кайра чыгарган.

Балдардын оюндары алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана мезгил маалга карата жаралат. Баланын турмушунда оюндун мааниси зор. Оюнга баланын бешикте кезинде эле физиологиялык керектөөсү, талабы, каалоосу пайда болот. Муну ата-энелер баамдап, бешиктин сабына ар түстүү боёкко боёкко боёлгон (эркек бала болсо чүкөлөр, кыз бала болсо үлүлдөр) оюнчуктарды илип коюшкан. Ал чоңойгон сайын оюн баланын жасаган эң маанилүү иши боло баштайт. Ошондуктан баланын оюнуна байкабастык кылып кайдыгер мамиле кылбоо керек. Чынында эле оюн аркылуу баланын аң-сезими, көңүлү өсөт. Ойноп жатып бала өз алдынча чоң турмушта жашайт. Ошондон улам балада кийинки келечек турмушунун негизи түптөлүп, билгени, тажрыйбасы артыла баштайт. Мисалы, кыз бала куурчак ойноо аркылуу үй бүлөдөгү жорук-жосундарды, элдик жөрөлгөлөрдү кайталайт, эркек бала тың чуркап кетелек жатып эле колуна тийген чыбыкты ат кылып минет, камчы кылып камчыланат, же кийинчерээк жаа тартып, таш мылтык атып, машина айдап ойнойт. Чоң кишилерди тууроо, алардан укканынын, көргөнүнүн, билгенин өз алдынча кайталоо – балдардын табияты.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Ошондуктан эл ата-эненин, башка чоң кишилердин жоопкерчилигин күчөтүп, балынын көргөн-өскөнү дайыма жакшы болуусун талап кылган. Элдик педагогиканын акылмандыгы балдар оюнуна башынан чоң маани берип келгендигинде. Канча бир замандар, мезгилер өтүп, жашоо турмуш шарттары өзгөрүлүп, көп нерселер, окуялар унутулуп калса да чоңдор жана балдар оюндарын эл мүмкүн болушунча сактап калган.Анткени, биринчиден, оюндарда элдин тарыхы (эң байыркысы, же кийинкисиби), үрп-адат тартиби улуттук белгилери берилсе, экинчиден, баланын көңүлү көтөрүлүп акыл-эси өскөн жана ден соолугу чың, алып сак-саламат чоңоюп келген. Демек, оюн кылымдар бою баланы ден соолугу чың, чыйрак, сезимтал болууга даярдаган жана ага адеп-ахлак, эстетикалык тарбия берген бирден-бир каражат болгон.

Оюн ырларынын бир түрү – сөз оюндары. Оюндар бири-биринен олуттуу түрдө айырмаланып, алардагы ымдоо-жаңсоо компонентинин көптүгү жана сөз байлыгы боюнча ар түрдүү, бирок кандай болгон күндө да оюн – сөздүн негизги касиети анын кыймыл-аракет менен тыгыз, ажырагыс байланышы болуп саналат.

Эгерде биз бүт оюнду текст катары карасак, анда мазмун бир эле учурда оозеки түрүндө таасирдүү жана объективдүү берилет. Балдар оюн ишмердүүлүгүндө ырдын текстиндеги кыймыл-аракети менен образдардын ортосунда сапаттык айырмачылыктар жок, алардын баары сөз менен айтылган эквивалент катары кабыл алынат. Ырдагы кыймыл-аракеттер диалогдогу бир катар образдар менен уланат: алсак, чуңкурчаларды казуу, топурактан предметтерди жасоо жана башка.

Оюн ырлары балдардын жаш өзгөчөлүгүнүн айырмачылыктарын эске алат. Бөбөктөргө арналган ойноо ырларда негизинен айбанаттар, жан-жаныбарлар катышат да, бала өздөрүн алардан эч бөлбөй, бардык учурларда чогуу болуп, ар кандай аксым, кара ниеттерге каршы турган. Адилеттик үчүн чечкиндүү, ийкемдүү күрөшө турган идеалда балдарды кичинесинен тарбиялоо оюн ырлардын да көркөм максаты.

Аталган ырлар оюндун темпине, ыргагына жараша чогуу айтылган ырлар болуп саналат. “Селкинчек” ыры тебилген селкинчектин ыгына, анын кыймылына жараша ырдалган.

Кыл аркандуу селкинчек,
Кыздар тебет эркинчек.
Келиндердин селкинчек,
Кере тебет эркинчек, - деп ырдагы аллитерациянын да сакталгандыгын байкоого болот. Аллитерациянын сакталышы ырдын ыргактуулугунан кабар берип, оюн ырларынын дагы бир өзгөчөлүгү катары кабыл алынат.

Демек, оюн ырлар баланын денесинин чыйралышы, чыңалышы тууралуу кам көрүп келген жана ага (балага) турмуш таанытуунун эффективдүү ыкмасы катары балдар адабиятында, бала турмушунда алган орду чоң.

**Адабияттар:**


1. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты. - Б., 2012.
2. Кыргыз совет балдар прозасынын антологиясы / Түз. Бейшеналиев Ш., Кыдыров А. - Ф.: Мектеп, 1985.
3. Рысбаев С.К., Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер. - Б., 2013.
4. Сулайманов М. Азыркы кыргыз балдар прозасы (50-60-жылдары жазылган айрым повесттер боюнча): Адабий очерк. - Ф.: Мектеп, 1980.
5. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. - Б.: Мектеп, 1991
6. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү. - Б., 1991.
7. Минбаева К. Обучение и изучение идеи нравственности в произведениях детского писателя на Ж.Абдылдаева и их популяризация. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №.6. С. 258-260.
8. Минбаева К. Обучение учащихся искусству речи и наращивание знаний и идей через произведения Б.Асаналиева. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 3. С. 302-304.